
Кол/б
83.8
К 42

Редьярд КИПЛИНГ

# Маугли



кн

УДК 821.512.154-93
ББК 83.84
К 42

**Киплинг, Редьярд.**
**К 42** Маугли / *Котор. Н. Асанбаев* – Б.: Турар, 2023. – 24 б.

ISBN 978-9967-35-241-4

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнөнү
карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, д
арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана те
жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун сон
иллюстрациялар менен коштолгон, эң популярдуу жомо
сериясынан жомокчу Редьярд Киплингдин «Маугли» жом

РБДЮ им. К. Баялинова
ИН № 38364 б/к

38364 б/к

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

ISBN 978-9967-35-241-4

Кыргыз ...
КИТЕ...

Юп/Г
83.8
К42


Бир күнү Ата карышкыр менен Эне карышкыр Жунглинин бадалдарынын арасынан бир эркек бала таап алды. Карышкырлар аны аярлай тиштеп ийинине алып кетти. Эне карышкыр аны өз баласындай багып, Маугли деп ат койду.



Күндөрдүн биринде, Ата карышкыр менен Эне карышкыр ийнинде жатканда сыртка Шерхан келип, катуу күркүрөй баштады. Ата карышкыр ийиндин оозуна келип: «Шерхан, сага эмне керек?» – деп сурады. Жолборс ага: «Жанагы баланы мага бер. Анын Жунглиде жашаганга укугу жок. Ал биздин душманыбыз», – деп ачуулуу жооп кайтарды. Эне карышкыр: «Кетип кал! Мауглиге жакындасаң мен сени тытып таштайм», – деп ыркырады. Шерхан кетип калды.







Ата карышкыр менен Эне карышкыр дагы бир нерседен коркуп жүрүштү. Мауглини карышкырлардын үйүрү менен тааныштырчу убакыт келип калган. Алар баланы үйүргө алып барды эле, андагылардын баары таң калышты. Бирөөсү дагы аны өз тобуна жакындаткысы келген жок. Ошондо үйүр башчы Акеле: «Эгер Жунглинин эки мүчөсү добуш берсе, анда мен Мауглини үйүргө кошом», – деди. Так ушул маалда Балу менен Багира Маугли үчүн добуш берди. Ошентип бала Жунглиде жашап калды.





Балу менен Багира балага токойдун мыйзамдарын, шарттарын үйрөтмөй болушту. Маугли дагы ал экөөнү жакшы көрчү. Ал ар бир сабакты аябай кылдат үйрөнүп, баарын жакшы өздөштүрдү. Балу менен Багира дагы ага Шерхандан алыс бол дешчү. Анан Бандар Лог тууралуу да айтышты. Бирок бала алардын бул сөзүнө көңүл бурган жок.






Бир күнү Маугли токойдо жалгыз жүргөн. Капыстан эле Бандар Логдун маймылдары аны уурдап кетти. Алар баланы кармап алып, бактардын башы менен алып качышты. Маугли алардан кутулуш үчүн канча аракет кылса да, болгон жок. Акыры Балу менен Багирадан үйрөнгөндөй, өзүнүн коркунучка кабылганын билдирүү үчүн катуу кыйкырды.






Балу менен Багира анын кыйкырыгын угуп, коркунучка кабылганын түшүндү. Натыйжада алар Мауглини табыш үчүн чуркап жөнөштү. Бир чымчык аларга Мауглини маймылдар Бандар Логго алып кеткенин айтты. Балу менен Багира маймылдардын сырын жакшы билген Каа аттуу жыланды таанышчу. Алар ага келип жардам сурашты. Каа макул болду.





Жылан экөөнү Бандар Логго ээрчитип барды. Маймылдар Мауглини дубалга байлап коюптур. Бирок алар Каадан коркушчу. Каа аларга «Тынч тургула!» – деп буйрук берди. Бардык маймылдар туруп калды. Ошол маалда Балу менен Багира Мауглини бошотуп алып качып жөнөдү. Балу Мауглинин токойдо жалгыз жүргөнүн угуп аябай капа болду. Бала да ката кетиргенин билип уялып калды.



Маугли ийинге келгенде болгон окуяны Эне карышкырга айтып берди. Ал бала үчүн аябай коркуп: «Маугли, сен кыштакка барып кишилер менен жашашың керек. Ал жерде сен коопсуздукта болосуң», – деди. Маугли айла жок апасы менен коштошуп, Жунглиден кетти. Ал кыштакка барды. Аны бир аял көрүп, кичине кезинде жоготуп алган балам го деп ойлоду. Ал баланы үйүнө алып барып тамак берди. Бирок Маугли көнө албай жатты. Себеби ал айылдын турмушуна көнгөн эмес. Ал Жунглидеги үй-бүлөсүн аябай сагынды.





РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 383649



Арадан күндөр өтүп, Маугли айылдын тургундарына көнө баштады. Эл ага талаада уй кайтаруу милдетин берди. Бул жумуш балага да жакты. Бир күнү ага Бир тууган карышкыр келип: «Шерхан сага кол салганы келатат», – деди. «Келе берсин», – деди Маугли. Аңгыча Шерхан келип ага кол салды. Бирок, бала үйрөнгөн сабактарынан бирөөнү колдонду. Ал Шерханды Кызыл гүл (от жагылган таяк) менен коркутту.



Маугли кайтарып жүргөн букаларын Шерханды карай тукурду. Букалар аны туш-туштан курчап алды. Шерхан кантип колго түшкөнүн түшүнбөй калды. Бул курчоодон чыгуунун эч бир аргасын таба алган жок.





Ошол жерден Маугли аны менен кармашып, өлтүрүп таштады. Буга айыл тургундары дагы кубанды. Себеби алар жолборстун коркунучунан кутулган болчу. Бирок, ушул окуядан кийин айылдыктар Мауглиден да коркуп калышты. Алар Мауглиге айылдан кетип кал деп айтышты.







Маугли Жунглиге кайтарын билип аябай кубанды. Ал айылдан чыгып, карышкырлардын ийинине келди. Эне карышкыр аны көрүп аябай сүйүндү. Анын келгенин көрүп Балу менен Багира да кубанды. Ошол күндөн тартып Маугли Жунглиде жашап калды.

40с

✦

Түстүү иллюстрациялар менен коштолгон,
эң популярдуу жомоктордун кыргыз тилине которулган сериясы:

| | |
|---|---|
| Джонатан Свифт | Гулливердин саякаты |
| Феликс Зальтен | Бемби |
| Редьярд Киплинг | Маугли |
| Льюис Кэрролл | Алиса укмуштар дүйнөсүндө |
| Жанна-Мари Лепренс де Бомон | Айсулуу менен Желмогуз |
| Филип Пулман | Аладдин жана сыйкырдуу чырак |
| Шарль Перро | Өтүкчөн мышык |
| Ханс Кристиан Андерсен | Түрү суук өрдөк |
| Шарль Перро | Кызыл топучан кыз |
| Карло Коллоди | Пиноккио |
| Бир тууган Гриммдер | Рапунцел |

✦

РБДЮ
38364 б/ф

Редьярд КИПЛИНГ

# Маугли

Которгон *Насыпбек Асанбаев*
Редактор *Ишенбек Султаналиев*
Компьютерде калыпка салган, көркөмдөгөн *Айжамал Борисова*

Форматы 60x84 1/8. Көлөмү 3 б. т.
Нускасы 2000. Буйрутма № 2461.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.

# ЖОМОКТОРДУН ПАЙДАСЫ АЛДА КАНЧА ЧОҢ:

- Алар фантазияны, кыял күчүн, кылдаттыкты жана кеңири ой жүгүртүүнү өнүктүрөт;
- Бала жомоктогу окуяларды ээрчип отуруп мурда көрбөгөн, билбеген жерлерин, фантастикалуу окуяларды, каармандардын келбетин, көрүнүшүн кыялында жандандырат. Бул жагынан жомокторго эч бир телеберүүлөр дагы, компьютердик оюндар дагы жетпейт;
- Балдар дайыма өздөрүн оң каармандын ордуна коёт. Образга кирип, жакшы иштерди жасоону, чынчыл, кайраттуу, тапкыч болууну каалайт. Досторун жамандыктан куткаруунү, алсыздарды коргоону үйрөнөт;
- Жакшы менен жаманды ажырата баштайт. Окуялар кандай гана терс өнүкпөсүн, жомоктор дайыма жакшы аяктайт;
- Багынбоону, аракет кылууну, каалаган тилегине жетүүнү үйрөнөт;
- Ар түрдүү тоскоолдуктарды ашып өтүүнү, өжөр, тапкыч болууну, аргасыз жагдайларда да жигердүү аракеттенүүнү үйрөнөт;
- Жомок окуу, же угуу аркылуу сөз байлыгы көбөйөт, баарлашуу жөндөмү жакшырат.

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнөнү таанып, адамдардын арасындагы карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, достук, эр жүрөктүк, кыянаттык жана арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана терс каармандар бар, жакшылык менен жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун соңу дайыма жакшы аяктайт.










Turar

9 789967 352414